***Мамбетова Заря Жусуповна***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРГА «МЕКЕН ТААНУУ» ПРЕДМЕТИН КИРГИЗҮҮНҮН ШАРТТАРЫ

***Мамбетова Заря Жусуповна***
***кандидат педагогических наук***
***Кыргызская академия образования***

# УСЛОВИЯ ВВЕДЕНИЯ УЧЕБНОГО ПРЕДМЕТА «РОДИНОВЕДЕНИЕ» В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***Mambetova Zarya Jusupovna***
***candidate of pedagogical sciences***
***Kyrgyz Academy of Education***

# PROBLEMS OF TEACHING NATURAL SCIENCE IN PRIMARY SCHOOLS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасында башталгыч класстарга «Мекен таануу» окуу предметин киргизүүнүн өбөлгөлөрү жана шарттары каралат. Республикабыздын башталгыч класстарында 1992-жылга чейин жаратылышты үйрөнүү Россиянын программасы боюнча окутулуп, анын мазмуну республикабыздын жер шартына, тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген эмес. Бул предметти республиканын шартына ылайыкташтырып түзүүгө карата окумуштуу-методисттер илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, натыйжада мектепке жаратылышты үйрөнүүнүн ордуна «Мекен таануу» предмети кирген. Жер шартына, элдин рухий дөөлөттөрүнө байланыштуу интеграциялоо менен окуу предметинин мазмунун калыптандыруу практикада натыйжалуу ишке ашканы айтылат.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются условия введения учебного предмета «Родиноведение» в начальных классах КР. До приобретения независимости в школах Кыргызстана использовались переводные учебники, составленные по единой общесоюзной программе. Вследствие этого в учебниках и в процессе обучения не отражались природные и историко-культурные особенности Кыргызстана. Методисты и ученые поднимали проблему изучения в школах республики природы родного края и духовных ценностей своего народа. В 1992 году взамен предмету «Природоведение» в учебный план введен предмет «Мекен таануу» (Родиноведение). Полученные результаты исследования позволяют считать целесообразным введение в начальную школу интегрированного предмета «Родиноведение».*

***Annotation:*** *The article considers the process of formation of teaching natural science in the elementary KR. Prior to the acquisition of independence in the schools of Kyrgyzstan, we used translated books compiled by a single country program. As a result, in textbooks and in the learning process is not affected natural, historical and cultural features of Kyrgyzstan.*

*The Methodists and scientists have raised the issue of study in schools of the Republic nature of the native land and spiritual values of its people. In 1992, instead of the subject of Natural Science in the curriculum the subject Meken taanuu. The obtained results allows to consider the feasibility of introducing primary school integrated subject Meken taanuu.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *окуу предмети, жаратылышты үйрөнүү, табият таануу, мекен таануу, жергиликтүү шарт, рухий мурас, интеграция, тарыхый шарт, турмуш менен байланышты окутуу, экологиялык тарбия, патриоттуулукка тарбиялоо.*

***Ключевые слова:*** *содержание учебного предмета, природоведение, родиноведение, духовное наследие, интеграция, связь с жизнью, экологическое воспитание, патриотическое воспитание.*

***Key words:*** *the content of the educational subject, environmental studies, studying of the Motherland, the spiritual heritage, integration, connect with life, environmental education, Patriotic education.*

Республикабыздын башталгыч билим берүү системасында 1992-жылга чейин окутулуп келген «Жаратылышты үйрөнүү» предмети союздук масштабдагы жаратылышты үйрөнүүнүн кыргызча көчүрмөсү болгон. Окуу программасы, окуу китептери, байкоо жүргүзүү күндөлүктөрү, методикалык колдонмолор, дидактикалык каражаттар Москвада «Просвещение» басмасынан жарык көрүп, ар бир республикада анча-мынча өзгөртүлүп, толукталып, улуттук тилдерге которулуп келген. Биздин республикада өзгөрүүлөр жана толуктоолор киргизилбей, ошол боюнча которулчу.

«Жаратылышты үйрөнүү» өз алдынча предмет катары 2-3-4-класстарда окутулган. Бул предметтин негизги максаты – кенже мектеп окуучуларынын аң-сезиминде курчап турган дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн түзүү, жогорку класстарда өтүлүүчү табигый илимдердин негизи боюнча элементардык түшүнүктөрдү берүү болгон. Табигый-илимий предметтер баланын аң сезиминде дүйнөнүн табигый илимий сүрөттөлүшүн калыптандырат.

Баланын 7-10 жаш курагын психологдор билимдердин негиздерин үйрөтүү деп аташат. Бирок балдар жөн гана билим топтобойт, ой жүгүртөт, чыгармачылык менен ойлонот, теориялык ой жүгүртүүгө кадам коет.

Табигый-илимий жана социалдык-гуманитардык билимдерди интеграциялоонун натыйжасында кенже мектеп окуучусунда экологиялык билим, тарбия берүү ийгиликтүү чечилет, улуттук баалуулуктарга карата позитивдүү көз караш, патриоттуулук калыптанат.

1964-жылы 4-класс үчүн жаратылышты үйрөнүү окуу китеби (автору М.Н. Скаткин) биринчи жолу кыргыз тилинде жарык көргөн (которгон, Т. Сулайманов, Ж. Койчуманов).

1970-жылдан бери З.А. Клепининанын 2-класс үчүн жазган окуу китебинин кыргызча котормосу (которгон Э. Ахматбекова), 3-класс үчүн Н.Н. Мельчаков, М.Н. Скаткин жазган окуу китептин кыргызча котормосу (которгон Т. Сулайманов) колдонулат. Буга чейин жаратылышка жана курчап турган дүйнөнү таанып-билүүгө тиешелүү материалдар эне тил сабактарында жана класстан тышкаркы иштерде, тарбиялык сааттарда өтүлчү.

Жаратылышты үйрөнүү – өзүнө табигый илимдердин комплексин (астрономия, география, биология, химия, физика) камтыган интеграцияланган предмет. 2-класста жаратылыштагы жыл мезгилдерине карата өзгөрүүлөр, 3-класста табигый зоналар, 4-класста аалам, жер бетиндеги жаратылыш, адамдын түзүлүшү деп бөлүштүрүлгөн. Жаратылышты өз чөйрөсүнөн баштап улам алыска, жөнөкөйдөн татаалга карай, таанып-билүү мүдөөсүн көздөгөн. «Жаратылышты үйрөнүү»

предметинин структурасы жана мазмуну төмөндөгүчө түзүлгөн:

2-класстын мазмуну мезгилдик принципке ылайык күз, кыш, жай, жаз деген бөлүмдөрдөн турат. Жансыз жаратылыш (аба, суу, топурак) менен жандуу жаратылыштын (өсүмдүк, жаныбар, адам) өз ара байланышы жыл мезгилине жараша кайталанат. Мисалы, «Жаратылыш күзүндө», «Өсүмдүктөр күзүндө», «Жаныбарлар күзүндө», «Адамдардын күзүндөгү эмгеги», «Күзүндө ден соолукту сактоо». Темалар ошол эле ырааттуулукта кышка жана жазга тиешелүү кайталанат.

Бул система боюнча жыл мезгилдериндеги аба ырайындагы өзгөрүүлөр, ошого жараша өсүмдүк, жаныбар жана адам тиричилигиндеги кубулуштар, бири-бирине өз ара байланышта улам кайталанып, ырааттуу окутулуп келген.

2-класста төмөндөгүдөй бир катар мүчүлүштөр орун алган:

1. Сезондук принцип ашкере орун алып, курчап турган дүйнөнү таанып-билүү бир жактуу жана кайталанма. Себеби, жыл мезгилдери жаратылышта, эне тилде, орус тилде, чет тилде да окутулат. 1-класстан 4-класска чейинки «Аба ырайына жана адам эмгегине байкоо жүргүзүү күндөлүктөрү» да жыл мезгилдерин сүрөттөө менен чектелет.

2. Кенже мектеп окуучусуна зарыл билимди, маалыматтарды камтыбайт. Демек, кенже мектеп окуучусунун жаш өзгөчөлүгүнө, ылайык кызыгуусуна туура келбейт. Алардын маалыматка карата талабын камсыздоого шарт түзбөйт.

3. Окуу материалы республикабыздын климаттык шартына, жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген эмес.

2-класста мезгилдик кубулуштарды ар бир мугалим өз жер шартына ылайыктап окутууга тийиш эле. Бирок, союздук масштабда окутулган жаратылышты үйрөнүү предмети теориялык жана практикалык жактан кылдат иштелип, такталса да, край таануу принцибинде түзүлүп, ар бир союздук республика өз шартына ылайыктап пайдалангандай түзүлсө да, көпчүлүк мугалимдер окуу китептер менен чектелип, иш жүзүнө жергиликтүү шартка ылайык окута алган эмес.

3-класста жаратылышты үйрөнүү предметинин мазмуну жер таануу принцибине негизделип түзүлгөн. Мындагы милдет кенже мектеп окуучуларына өзү жашаган жерди таанытуу, жердин планын, географиялык картаны окуй алууга үйрөтүү, табигый зоналарды айырмалай билүүгө үйрөтүү, адам менен жаратылыштын ортосундагы байланышты ачып көрсөтүү болгон эле.

3-класста географиялык билим басымдуу орунду ээлеген.

Горизонт, багыт, план, карта, табигый зоналар (тоо, түз, чөл, талаа, саз, суу, токой, тундра), кен байлыктар тууралуу алгачкы түшүнүктөр берилип, дүйнө таанытуучу мааниге ээ болгон. 3-класстагы жаратылышты үйрөнүүнүн мазмуну төмөндөгүдөй бир катар мүчүлүштөр орун алган:

1. Мазмуну биздеги жаратылыш шартына ылайык келбей, кыргыз жеринин жаратылыш байлыктарын таанып-билүүгө мүмкүндүк түзгөн эмес.

2. Окутууну турмуш менен байланыштыруу принциби бузулуп, кенже мектеп окуучулары өзүнө тааныш эмес жерлерди окуп үйрөнүшчү.

3. Жаратылыш материалдык байлык катары гана каралып, анын рухий, эстетикалык жактарына көңүл бурулган эмес. Бул жагдайда жаратылыш физикалык, материалдык обьект катарында окутуп үйрөнүлүп, туулган жер, Ата Журт, Ата Мекен тууралуу билимди кошуу зарылдыгы жаралган.

4-класстагы жаратылышты үйрөнүүдө мазмунунда ааламдын түзүлүшү (Күн, Жер, планета, космос, жылдыз ж.б.), адамдын түзүлүшү окутулат (Л.Ф. Мельчаков, М.Н. Скаткин боюнча). 2–3-класстагы жаратылышты үйрөнүүнүн мазмунуна караганда 4-

класстын программасы дүйнөнүн илимий сүрөттүлүшүн бүтүндөй камтыйт жана кенже мектеп окуучусунун кызыгуусуна, таанып-билүү талабына жакын болгон.

Бул предметтин мазмунунун бир жактуулугу, окуу китептерди анализдөө учурунда белгилүү болду. Материалды жаңыртуу, популярдуу тил менен жазуу жана адабиятташтыруу зарылдыгы курч коюлган.

**Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алганга чейин башталгыч класста жашаган жер кандайча окутулган?**

Жер-жерлерде ар бир мектепте край таануу бурчтары, музейлер уюштурулган, анда төмөндөгүдөй бөлүмдөр болгон:

**I. Биздин мектептин тарыхы**

. Мектеп жайгашкан аймак.

**II. Биз жашаган жердин жаратылышы**

1. Шаардын, райондун, айылдын планы.
2. Жер бети, кен байлыктары.
3. Суулары (дарыялардын, көлдөрдүн, суу сактагычтардын физикалык картадан көрсөтүлүшү).
4. Аба ырайы (аба ырайынын календары, «Биз жактагы жыл мезгилдери» аттуу альбом).
5. Облустун өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү (гербарийлер, фотосүрөттөр, коллекциялар).

**III. Биздин жер бүгүн жана келечекте**

1. Райондун чарбасы. Негизги ишканалар, өндүрүш ишканаларынын, рационализаторлордун фотосүрөттөрү, продукциялардын үлгүлөрү.
2. Унаа (транспорт) жана байланыш.
3. Маданий мекемелери.
4. Аймактагы окуялардын белгилүү даталары.
5. Шаар, айыл, район жөнүндө гезит-журналга чыккан материалдар.

Жогоруда аталган тематикалар актуалдуу болуп, бирок окуу планында камтылбай, мекенди таанып билүү иш жүзүндө бардык мектептерде активдүү ишке киргизилген эмес.

**Жаратылышты Республикабыздын шартына ылайыктап окутууга карата аракеттер.**

Жалпы Союздук масштабда түзүлгөн окуу китептеринин жана окуу колдонмолорунун Кыргызстандын шартына туура келбегени, дидактиканын «Турмуш менен байланышта окутуу» принцибине карама-каршы келгени – ачык-айкын маселе. Жаратылышты окутууда мугалимдер бир далай кыйынчылыктарга дуушар болуп келишкен. Мугалимдердин көпчүлүгү илимий мекемелерге, ишканаларга барып, сабакка керектүү маалымат чогултушкан. Мисалы, Кыргыз илимдер академиясынан, жаратылышты коргоо комитетинен, зоокомбинаттан, мал чарбачылыгы жана Ветеринария илим-изилдөө институттарынан ж.б. маалымат алышкан. Фотосүрөттөрдү, коллекцияларды, гербарийлерди ж.б. жыйнашкан. Айрым мугалимдер сабакка керектүү материалдарды жыйноого окуучуларды да тартышкан.

Андан тышкары, төмөндөгү адабияттар колдонулган: П.Т. Цагарев «По горам и долинам Киргизии» (Фрунзе, 1961); К.Р. Беренс, П.С. Тюрин «Очерки о птицах и зверях Киргизии» (Фрунзе, «Мектеп», 1967); Ю.Н.Чичикин «По заповедным тропам Киргизии», (Фрунзе, Кыргызстан, 1968); А.И.Янушевич, Ю.С. Тарбинский «Животный мир Киргизии» (Фрунзе, Кыргызстан, 1967); Г.В. Благодарова, Н.Н. Ляшенко «Животный мир Киргизии» (Фрунзе, 1966); Б.А.Лунин «Беседы по географии Киргизии» (Фрунзе, 1949); Н.И. Шерстюк «Изучение истории Киргизии в общеобразовательной школе» (Фрунзе, 1964).

Жаратылышты окутууда турмуш менен байланыштыруу принциби край таануу материалдарын колдонуу аркылуу ишке ашырылып келген. Бирок жергиликтүү материалдар союздук масштаб үчүн түзүлгөн жараты-

лышты үйрөнүү окуу китебине кошумча катары гана колдонулган жана окуу китептин чегинен ашып кетпеши талап кылынган (Б.С.Тетенькин). Ошондуктан, Мекен таанууга тиешелүү материалды класстан тышкаркы иштерде, тарбиялык сааттарда өтүүгө туура келген.

«Жаратылышты үйрөнүү» предмети республикабыздын табигый, экономикалык шартына туура келбегендигине байланыштуу, ага алтернативдүү программалар иштелип чыккан. Алып айтканда, Б.С. Тетенькиндин «Курчап турган дүйнө менен таанышуу», программасын (1988-ж.) жана А.И.Акулова түзгөн «Родиноведение» программасын (1992-ж.) белгилесе болот.

Курчап турган дүйнө менен таанышуу программасы 1988-жылы «Мектеп» басмасынан жарык көргөн. Ал 1–2 класста «Курчап турган дүйнө менен таанышуу», 3-4-класстарда «Жаратылышты үйрөнүү» деп аталат.

1–2-класстардын материалы төмөндөгүдөй блокторго топтоштурулган «Биздин үй жана жашаган жердин жаратылышы», «Биздин мектеп жана жашаган жердин жаратылышы», «Биздин айыл (шаар) жана жашаган жердин жаратылышы», «Өз өлкөм». Мында курчап турган чөйрөнү өз жеринен баштап окутуу максаты коюлган. Бул жагынан программа жаратылышты үйрөнүүгө караганда бир кыйла артыкчылыкка ээ болгон. 3–4-класстардын жаратылышты үйрөнүү программасы жалпы союздук жаратылышты үйрөнүүгө окшош, бирок Кыргызстандын жаратылыш шартына ылайыкталып түзүлгөндүгү менен баалуу.

1989–1992-жылдары Педагогика илимизилдөө институтунда А.И. Акулова тарабынан орус башталгыч класстары үчүн «Родиноведение» программасы иштелеп чыгып, экспериментке коюлат. Эксперимент Аламүдүн районундагы №1 Лебединовка орто мектебинде, Сокулук районундагы №1 Ново-Павловка орто мектебинде, Бишкектеги №40 орто мектепте жүргүзүлгөн. Эксперименттин жыйынтыгында «Родиноведение» программасы кайра иштелип чыгып, Министрлик тарабынан окуу планына киргизилген.

«Родиноведение» программасы 1992 – жана 1994-жылдары «Мектеп» басмасынан жарык көргөн. Бул программанын артыкчылыгы, өз жерибиздин жаратылышын окутууга багытталгандыгында жана ошондой эле жаратылыш менен гана чектелбестен, рухий дөөлөттөрдү, маданиятты, тарыхты, салтты, элдин турмушун, ал тургай эл чарбачылыгын, өндүрүштү кенже мектеп окуучусуна таанытуу максатын көздөгөндүгүндө болуп жатат. Тилекке каршы, А.И. Акулова тарабынан түзүлүп, 1992-жылы жарыкка чыккан программада Мекен деген түшүнүктү «Малая родина», «Большая родина» деп экиге бөлөт. Жаратылышты үйрөнүүдөгү мурдагы эле «Тундра», «Алыскы Түндүк», «Крым» ж.б.у.с. темалар кеңири орун алып, Кыргызстанга азыраак көнүл бурулуп калган..

Жаратылышты үйрөнүү методикасынын тарыхын, окуу китептердин практикадагы абалын, жаратылышты үйрөнүүнү биздин республиканын шартына ылайыкташтырып түзүүгө, окутууга карата иштерди анализдөөнүн натыйжасында жаңы окуу предметин киргизүү зарылдыгы белгилүү болду. Коомдун талабы, тарыхый шарт жаратылышты үйрөнүүнүн ордуна «Мекен таануу» предметин киргизүүгө шарт түздү. Төмөндө ал таблица түрүндө көрсөтүлөт:

*«Мекен таануу» предметинин киришине себеп болгон шарттар*

| | | |
|---|---|---|
| Жаратылышты үйрөнүү методикасынын тарыхын изилдөөдө байкалган зарылдыктар | Окуу программаларын, окуу китептерди, колдонмолорду анализдөөдө байкалган кемчиликтер | Окутуунун мазмунун Республикабыздын шартына ылайыкташтырууга карата аракеттерди анализдөөдө байкалган зарылдыктар |
| ↓ | ↓ | ↓ |
| - Мазмунду интерграциялоо<br>- Улуттук дүйнө таанымды кошуу<br>- Экологиялаштыруу зарылдыгы | - Республикабыздын жаратылыш шартына, өзгөчөлүгүнө ылайык келбегендик<br>- Кайталанма, чектелген, эскирген материалдар | - Мазмунду жергиликтүү шартка ылайыкташтыруу<br>- Жергиликтүү окуу китептерди түзүү |

**Кыргыз башталгыч класстарына Мекен таануу курсунун кириши**

1992-1993-окуу жылы башталгыч мектептин окуу планына «Мекен таануу» предмети кирди.

**Программаны түзүү жана сыноого коюу**.

Мекен таануу программасынын долбоору КББИнин башталгыч билим берүү бөлүмүндө бир нече жолу мугалимдер жана окумуштуу методисттер менен бирдикте талкууланды. Алсак:

- №5, №68, №67, №69 мектептин мугалимдери Г. Бакашева, Б. Турганбаева, Г.Абыкова, Ш. Жоробеков С. Тургуналиева, Б. Алымбаева, З. Кожоназарова, З.Байзакова, Ж. Кененсариева, М. Сартбаева;
- Кыргыз билим берүү институтунун кызматкерлери: п.и.д. И.Б. Бекбоев, п.и.к. Н.И. Ибраева, п.и.д. Э.М. Мамбетакунов, п.и.к. А.С. Абдиев, п.и.к. А. Токтомаметов, п.и.к. А. Касымов;

МТ программасынын долбоору 1992-жылы Кыргыз билим берүү институтунун Окумуштуулар кеңешинде бекитилип, Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги тарабынан окуу планына киргизилди.

1992–2014-жылдары жер-жерлерде өткөрүлгөн семинарларда, мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында Мекен таануу программасы үзгүлтүксүз талкууланып, улам өзгөртүлүп, өркүндөтүлдү.

Республиканын туш-тарабында семинарларда (1993-жылы Нарын, Каракол Ош шаарларында, 1994-жылы Каракол, Чолпон-Ата шаарларында, Тогуз-Тородо, Үч-Терек районунда, 1995-жылы июнда Караколдо, 1997-жылы октябрда Жалал-Абад шаарында, Караванда, 2001-жылы Ала-Букада, августта Кочкордо. 2003-жылы Баткен облустунда, 2004-жылы Талас, Жалал-Абад облустунун бардык райондорунда, 2005-жылы Жети-Өгүздө) мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарында пикирлер топтолду.

Сыноонун жыйынтыгы боюнча, мугалимдердин сунуш-пикирлерин талдай келгенде, Мекен таануу программасы бүгүнкү учурдун талабына жооп берери, аны башталгыч мектепте окутуунун зарылдыгы белгиленди.

1-класстын окуу китеби 1995-жылы «Мектеп» басмасынан 13 миң нускада басылып чыкты [16]. Жалпы Республиканын аймактарынан суроо-талаптар көп болгондуктан, 1996-жылы бул китеп 40 миң нуска менен кайталанып басылды. 1997-жылы Мекен таануу окуу китептерине суроо-талап ушунчалык көбөйүп, ар кайсы типографияларда «пираттык» ыкма менен басылды. Бул туура-

луу 1998-ж. январда «Вечерний Бишкек» газетасына жарыяланган. 1996-жылы 2-класстын окуу китеби [17], 1998-жылы 3–4-класстардын окуу китептери жарык көрдү [18,19].

1992-2016-жылддардын аралыгында «Мекен таануу» предмети 1-4 класска чейин окуу китептер, дептерлер, методикалык колдонмолор жарыкка чыгып, бир нече жолу оңдолуп басылып чыкты. Жаңы окуу предметин башталгыч мектепке киргизүү, аны апробациялоо интенсивдүү ишке ашырылды [16, 17, 18, 19].

Кыргызстандын шартында жаратылышты жер шартына, элибиздин рухий дөөлөттөрүнө байланыштуу интеграциялоодо окуу предметин калыптандыруу натыйжалуу ишке ашары практикада далилденди.

**Адабияттар:**


1. Акулова А.И. Программа курса «Родиноведение» и методические рекомендации к ней (1-4 классы) – Бишкек, Мектеп, 1994.-15 с.
2. Виноградова Н.Ф., Калинова Г.С. Учебно-методический комплект «Окружающий мир» для четырехлетней начальной школы. //Начальная школа. – 2000. № 8.- с. 107-111.
3. Казанцев Н.Г.,Назарова Г.С. Дидактика начальной школы. – М.: Просвещение, 1978. – 222 с.
4. Клепинина З.А. Сравнительный анализ структуры учебников природовение РСФСР, Украины и Белоруссии. //ПШУ, вын.2. – М.: Просвещение, 1982.- с. 95-107.
5. Краевский В.В. Дидактический подход к определению содержания учебных книг и их функций в воспитывающим развивающем обучении. - М.: Просвещение, 1982. - 18 с.
6. Колдошев М., Край таануу музейи – тарбия каражаты.//Эл агартуу. 1992. №2.- с. 42-44.
7. Колпакова Г.И., Авременко Н.Н., Барковец Н.К. Уроки Москвоведение это интересно.//Начальная школа. – 1997. №4. – с.15-16.
8. Комиссаров Б.Д. Методологические проблемы школьного образования. М.: Просвещение, 1991.- 160 с.
9. Конурбаев Т. Влияние народных традиций на ценностные ориентация детей. Бишкек, 1997. –25 с.
10. Леднев В.С. Содержание общего среднего образования. Проблемы структуры. - М.: Пед. 1980. -264 с.
11. Леднев В.С. Содержание образования. - М.: Высшая школа,1989.– 360 с.
12. Лебедева С.А. О преемственности дошкольного и начального образования. //Начальная школа. – 1996. № 3.-с. 22-23.
13. Лернер И.Я. Познавательные системы учебно-познавательных заданий. //Новые исслд. в пед. науках. -М.: Пед., 1990. № 2. – с. 34-37.
14. Логвинов И.И. К теории построения учебного предмета //Сов. педагогика, 1969. №3. – с. 91-100.
15. Тетенькин Б.С. Использования местного материала при изучении природоведение. Ф.: Мектеп, 1971. -78 с.
16. Мамбетова З.Ж. Мекен таануу 1-класс. Окуу китеби. Бишкек: Кыргызстан, 1995-ж., Бишкек: «Кутаалам», 2016-ж.
17. Мамбетова З.Ж. Мекен таануу 2-класс үчүн окуу китеби. Бишкек: Кыргызстан, 1996.-ж. Бишкек.: «Билим куту», 2004-ж..
18. Мамбетова З.Ж. Мекен таануу 3-класс үчүн окуу китеби. Бишкек: Кыргызстан, 1998-ж.
19. Мамбетова З.Ж. Мекен таануу 4-класс үчүн окуу китеби. Бишкек, "Алл-Пресс", 1998-ж., Бишкек: «Билим куту».


***Рецензент: п.и.д., профессор***
***Бабаев Д.Б.***